Педагогикалык илимдеринин доктору деген илимий даражаны изденип алуу үчүн *"Азыркы кыргыз тили" курсун үйрөнүү процессиндеги студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн моделдөө"* деген темада жазган Айнура Рысбековна Акунованын диссертациялык ишине

## П И К И Р.

Изденүүчү А. Р. Акунова илимий изилдөө иш жүргүзүү үчүн тандап алган тема педагогика илимдеринин азыркы учурдагы актуалдуу темаларынын бири экендигинде талаш жок. Анткени азыркы учурда студенттерге өтүлүүчү предмет боюнча лекция окуп, практикалык сабак өтүп, сынактан өткөрүү менен чектелүү жетишсиздик кылат. Бүгүнкү күндөгү ааламдашуу процессинде кесиптик же жогорку билимдүү адистикти алып жаткандар, биринчиден, алардын компетенттүү болушуна жана өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүнө ээ болушуна өзгөчө көңүл бурулуп жатканы баарыбызга, айрыкча, педагогдорго маалым. Изденүүчү А.Р. Акунованын диссертациялык иши мезгилдин талабы болуп жаткан мына ушундай проблемаларды иликтөөгө арналыптыр.

Иш төрт бөлүмдөн жана киришүү менен корутундудан турат. Киришүүдө билим берүүнүн ар бир баскычында студенттердин ( ошондой эле окуучулардын) компетенттүүлүгүн арттырууга, алардын өз алдынча таанып-билүү ишмердигине жетиштүү көңүл бурулбай келе жаткандыгы баса көрсөтүлүп, бул маселени толук чечүү үчүн аны изилдөө иштерин колго алуу да актуалдуу экендигине көңүл бурган (6-б). Аны менен бирге, бул изилдөө ишинин максаты жана милдеттери, изилдөөнүн жаңылыгы, практикалык мааниси, теманы чагылдырган материалдардын басма беттеринде жарык көргөндөрү көрсөтүлгөн. Диссертациялык иште мындай

маалыматтардын болушу КР ЖАКтын инструкциясында белгиленген, ал талаптар бул изилдөөдө толук эске алынган.

Изилдөөнүн **<u>биринчи бөлүмү</u>** *"Азыркы кыргыз тили" курсун үйрөнүү процессиндеги студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун илимий-методологиялык негиздери"* деп аталган.

КР ЖАКтын инструкциясы боюнча иштин баштапкы бөлүмүндө изилдөө ишинин темасына байланыштуу илимий адабияттарга обзор берип (саресеп салып), изилдөөгө алынып жаткан маселелерге алардын тиешеси бар же жок экендиги жана аларга карата бул изденүүчүнүн мамилеси, пикири чагылдырылууга тийиш деп айтылган. Диссертант А. Р. Акунова бул маселеге дыкат көңүл буруп, окумуштуулардын бул маселеге тиешелүү эмгектерине жана ал боюнча жеке өзүнүн көз карашына кеңири токтолгон. Илим, бул – таанып-билүүнүн бир түрү экендигинен сөз баштап, таанып-билүүнүн түрлөрүн келтирип, "Таанып-билүү теориясы" – таанып-билүү маселелерин жана мүмкүнчүлүктөрүн, билим менен чындыктын катышын, билимдин тууралыгын аныктоочу шарттарды изилдеген философиянын бир тармагы экендигине атайын токтолуу менен бирге, өзүнүн изилдөөгө алган маселесин чечүүгө негиз болуучу уюштуруу иштерине көңүлүн бурган.

Изилдөөнүн объектиси болгон "Азыркы кыргыз тили" курсун өздөштүрүү менен, студент эмнени таанып-билет? Дүйнөнүн тилдик картинасын калыптандырууда "Азыркы кыргыз тили" курсунун орду жана ролу кандай?" деген суроолорду коюп, ал суроолорго көптөгөн окумуштуулардын айткандарын келтирип жана өзү туура деген жыйынтыкка келген жоопторду берген.

**<u>Экинчи бөлүм</u>** *"Азыркы кыргыз тили" курсунда студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун моделдери жана аларды ишке ашыруунун технологиясы"* деп аталат. Диссертант бул проблеманы төрт параграф менен талдоого алган. Анын биринчи параграфында студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн

уюштуруунун моделдери жаны алардын категориялары каралган. Студенттин өз алдынча иштеринин төрт деңгээли белгиленген.

Окутуунун кредиттик технологиясы боюнча “Азыркы кыргыз тили курсун окуп-үйрөнүүнүн мазмуну менен формалары да атайын каралып, ага карата изденүүчү өз пикирин билдирген. Ушундай эле окутуунун формасы менен мазмуну дистанттык окутууда да талдоого тартылган.

Иштин үчүнчү бөлүмүндө студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандырууда “Азыркы кыргыз тили” курсунун башка дисциплиналар менен болгон карым-катышы каралган. Бул бөлүмдө окуучулардын жогорку окуу жайларынан билим алуусуна чейин эле таанып-билүү калыптандыруунун маанилүү экендиги баса көрсөтүлгөн.

Диссертациянын төртүнчү бөлүмү студенттер арасында жүргүзүлгөн моделдердин натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү жана баалоо иштери абдан кеңири жана ар түрдүү ыкмаларда жүргүзүлгөнү көрүнүп турат. Ар кыл үлгүлөр менен жүргөн моделдер да ар кайда жайгашкан жогорку окуу жайларда да өткөрүлгөн. Диссертант аларга талдоо жүргүзүп отуруп, кандай окуу жайлардагы кандай ыкмалар натыйжалуу боло турганын талдап, анын мыктыларын жайылтууга өзүнүн сунуштарын да келтириптир. Бул бөлүмдөгү эксперименттик иштер, студент менен иштөө ыкмалары, өз алдынча иштөөнүн моделдери накта педагогикалык иликтөөнүн негизин көрсөтүп турат.

Жыйынтыктап айтканда, бул изилдөө ишинде студенттин өз алдынча таанып-билүүсү “Азыркы кыргыз тили” курсун окууда ролу чоң экендиги тууралуу айтылган пикирлер, сунуштар орундуу деп айтууга толук негиз бар. Изденүүчү тарабынан “Азыркы кыргыз тили” курсун үйрөнүү процессиндеги студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн моделдөө” темасы илимий теориялык жагынан ар тараптуу изилдөөгө алынган.

Ушулардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан коюлган Жобого ылайык төмөндөгүлөрдү белгилеп өтмөкчүбүз:

**I. Теманын адистикке дал келиши.** Изденүүчү А. Р. Акунованын «Азыркы кыргыз тили»курсун үйрөнүү процессиндеги студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн моделдөө» деп аталган докторлук диссертациясы өзүнүн объектиси, предмети, мазмуну, изилдөнүү багыты боюнча 13. 00. 02- окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистигине дал келет.

**II. Теманын актуалдуулугу.** Изденүүчү кайрылган тема – Кыргыз Республикасындагы педагогикалык илим изилдөө ишинде, тактап айтканда, окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча актуалдуу темалардын бири. Биз билгенден окутуунун жана тарбилоонун түрлөрү боюнча мектептерге, окуу жайларына байланыштуу окутуунун ар түрдүү ыкмаларын (методдорун иликтеген көп эле диссертациялар жазылган. Ал эми «Азыркы кыргыз тили» курсун үйрөнүү процессиндеги студенттердин өз алдынча таанып-билүү ишмердиги тууралуу бул изилдөө алгач жүргүзүлүп жаткандыгы, бул теманын актуалдуулугун ырастап турат.

**III. Диссетациялык иштин илимий жыйынтыктары.**

Жактоого коюлуп жаткан диссертациялык иш бул багыттагы кийинки изилдөөлөр үчүн олуттуу мааниге ээ боло турган, илимий мүнөзгө негизделген төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ:

**1-жыйынтык.** Педагогика илиминде, анын ичинде окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы боюнча студенттердинөз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандыруу жана аны моделдөө боюнча педагогиканын башка тармактары менен байланышта кеңири иликтөөлөрдү жүргүзгөн жана ар түрдүү факторлордун негизинде эксперименттик иштерди жүргүзүп, анын жыйынтыктарынын алдыңкыларын мындан ары практикалоону сунуштап чыккан.

**2-жыйынтык.** Студенттердин «Азыркы кыргыз тили курсун үйрөнүү менен бирдикте башка предметтерди да ага байланыштуу колдонуу менен өз алдынчалаган таанып-билүү ишмердүүлүгүн өркүндөтүү үчүн ар түрдүү ыкмалардагы көндүмдөрдү иштетип, анын жыйынтыгын эксперттик комиссия тарабынан текшерүү иштери жүргүзүлгөн.

**3-жыйынтык.** Студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун моделдери сунушталган.

**4-жыйынтык.** Окутуунун кредиттик технологиясы боюнча «Азыркы кыргыз тили» курсун окуп-үйрөнүүнүн бир нече методдору жана каражаттары такталган. Мындай ыкма окутуунун дистанттык формасы боюнча да сунушталган.

**5-жыйынтык.** Таанып-билүү моделдердин натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерип баалоого жетишкен.

**IV. Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын негизделиши жана ишенимдүүлүгү.**

**1-жыйынтык.** Диссертациялык эмгекте сунушталган илимий жыйынтыктар, практикалык сунуштар жана корутундулар илимий-теориялык булактардан жана белгилүү педагог окумуштуулардын эмгектеринен алынган материалдарга таянуу менен жана изилдөөчүнүн жеке көз карашынын негизинде чыгарылган.

**2-жыйынтык.** Педагогика илиминде, ошонун ичинде, окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасында студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн илимий-теориялык негиздери, принцип-критерийлери аныкталып, алардын негизинде изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**3-жыйынтык.** Диссертаант тарабынан сунушталган илимий жоболор, сунуштар, корутундулар, изилдөөдөн алынган илимий-теориялык тыянактар "Азыркы кыргыз тили" курсун үйрөнүп жаткан студенттерге, бардык эле окуучуларга өз алдынча таанып-билүү ишмердигин жүргүзүүгө шарт түзөрүнө ишенүүгө болот.

**V. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылык деңгээли.**

Жогоруда келтирилген 1-, 2-, 3, 4-жыйынтыктарды жаңылык деп эсептөөгө негиз бар. Бул иште окутуу кыргыз тилинде жүрүп жаткан мектеп окуучулары жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн “Азыркы кыргыз тили” курсун үйрөнүү учурунда алардын өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүнө багыт берүү жана ал боюнча моделдерди иштеп чыгуу ишке ашырылып жатат. Студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүнө түшүнүк берилип, андан соң алардын ишмердүүлүгүн уюштуруп, окуп-үйрөнүүнүн мазмуну менен формасын тактап, өз алдыча таанып-билүү бир эле кыргыз тили менен эмес, башка предметтер менен да байланыштуу өнүгөрү айкындалган.

**VI. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

**VII. Алынган жыйынтыктарга тиешелүү актуалдуу проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо.**

А.Р. Акунованын диссертациялык иши педагогика илиминде изилдөөгө алгач алынып жаткан маселе, башкача айтканда, “Азыркы кыргыз тили” курсун үйрөнүү процессиндеги студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн моделдөө. Диссертациянын жыйынтыктары, материалдары, жоболору илимий изилдөөчүлүк, практикалык колдонуучулук мааниге ээ.

**VIII. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жетиштүү санда жарык көрүшү.**

Изилдөөнүн мазмуну диссертанттын 70ке жакын илимий макаласында жана «Жогорку мектепте «Азыркы кыргыз тили» курсун окутуу процессинде өз алдынча таанып-билүү ишмердигин уюштуруу” (2016, 324 бет) аттуу монографиясы жарык көрүптүр.

**IX. Автореферат жөнүндө.** Иштин мазмуну авторефератта толук чагылдырылган.

**X. Диссертациялык иштин мазмунунда жана түзүлүшүндө кездешкен айрым кемчиликтер.**

Педагогика илимдеринин доктору деген илимий даражаны изденип алуу үчүн жазылып, бир топ теориялык маселелер ичине камтылып, көптөгөн илимий талдоолорду жүргүзүп, студенттин өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүн моделдөө аракети менен жүргүзүлгөн мындай көлөмдүү педагогикалык татаал изилдөө иштеринде баары эле изденүүчүнүн айтканындай боло бербестиги, айрым маселени чечүүдө, талдоого алганда же өз пикирин билдирген учурда башкаларды ынандыра бербеген учурлардын жолугушу да мыйзам-ченемдүү экендигин ким танат. Андай фактыларга биз төмөндөгүлөрдү кошобуз:

1. Иштин биринчи бөлүмүндө, темага тиешеси бар илимий адабияттарга обзор бергенде, дисеертанттын темасына тийиштүү изилдөө иши мурда болгонбу, болсо, алардын бул маселеге тиешелүү жагы канчалык деңгээлде экендигин же такыр эле мурда каралбаганы тууралуу сөз кыла кетпеген;

2. Студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгү сөз болуп жаткан соң, ага магистратура, докторантура тууралуу маалыматтарды берүүнүн зарылдыгы ашыкча;

3. “Азыркы кыргыз тили” курсун башка дисциплиналар менен уланмалуулук принципте уюштуруунун натыйжалуу жолдорун” пайдалануу биринчи кезекте студент эмес, окутуучу жүргүзүү керек. Деги эле “уланмалуулук” деген аттоону “байланыштыруу” же “байланыштырып” деп берүү орундуу болот деген ойдобуз.

4. Иштин 219-бетинде 1-класста окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандырууда баа койбостон ... “көтөрмөлөө” ыкмаларын колдонуу 235-бетке чейин уланат, Мындай ыкма студенттерге эмес, башталгыч класстын окуучуларына кыргыз тили боюнча билим

берүүдө гана колдонулууга тийиш. Анын иликтенип жаткан темага эч кандай тиешеси жок.

5. Азыркы кыргыз тилинин интенсивдүү курсунун структурасы жана программасы (121 – 125-б.) 36 темага бөлүнүп берилген. Муну изилденип жаткан теманын алкагындагы маселе катары эсептөөгө ылайык келбей турат.

Бул айтылган мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы мазмунуна олуттуу доо кетире албайт. Аларды автор эске алып, айтылгандар боюнча алымча-кошумчаларды кийирсе, андан изилдөө ишинин сапаты гана жогорулайт деген пикирдебиз.

Жыйынтыктап айтканда, диссертант А. Р. Акунова педагогикалык илимдердин доктору деген илимий даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын үстүндө абдан көп эмгектенген.

Биз жогоруда белгиленгендерге негизденип, “Азыркы кыргыз тили” курсун үйрөнүү процессинде студенттин өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүн моделдөө” деген илимий изилдөө иши үчүн Айнура Рысбековна Акунова педагогика илимдеринин доктору (13.00.02) илимий даражасын алууга татыктуу деген пикирдебиз.

Расмий оппонент, ф.и.д., профессор Р. Эгембердиев

КОЛУ ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШКАРМАСЫ
НАЧАЛЬНИК ОТДЕЛА КАДРОВ
«16» мая 2017 г.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ